***DOI:10.26104/NNTIK.2023.68.32.045***

***Козубаев Ө.К.***

# АСЫЛБЕК АЛТМЫШБАЕВ КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ФИЛОСОФИЯ ИЛИМДЕРИНИН КӨЧ БАШЫНДА

***Козубаев О.К.***

# АСЫЛБЕК АЛТМЫШБАЕВ – ЗАЧИНАТЕЛЬ ФИЛОСОФСКОЙ НАУКИ В КЫРГЫЗСТАНЕ

***O. Kozubaev***

# ASYLBEK ALTMYSHBAEV IS THE SOURCE OF PHILOSOPHICAL SCIENCES IN KYRGYZSTAN

*УДК: 101:330.101 (575.2)(04)*

*Макалада Кыргызстанда академиялык илимдин түптөлүшү, ал процесстин жүрүшүндө академик Асылбек Алтмышбаевдин ролу жана анын кыргыз философиялык ойлом тарыхы боюнча эмгектеринде улуттук этикалык салттуулуктун талдоого алынышы тууралуу сөз болот. Асылбек Алтмышбаевдин эмгектеринде кыргыз элинин этикалык дүйнө түшүнүүсүнө да атайын көңүл бурулган. Автордун пикири боюнча этикалык аң-сезим, улуттук адеп-ахлактын салттуу нормалары коомдогу социалдык мамилелерге түздөн-түз байланыштуу калыптанат. Асылбек Алтмышбаев баса белгилегендей туу чокусунда адам акылынын асыл туундусу болгон «Манас» эпосу турган кыргыз элинин руханий маданиятынын көп салаалуу тарыхы качан да болсо илимий кызыкчылыктын объекти болуп келет. Себеби өткөн тарых менен учурдагы доордун диалектикалык ажырагыс туташ байланышы дайыма түбөлүктүү. Ушундан улам карт тарыхтын сабактары социумдун жаңы муун өкүлдөрү үчүн таанып – билүүнүн бирден-бир зарыл булагы болуп эсептелет. Демек, өткөн тарыхты таанып – билүүнүн актуалдуулугу ар убак зарыл болгон чындык.*

***Негизги сөздөр:*** *академия, илим, институт, философия, этика, улуттук, салттуулук, аң-сезим.*

*В статье речь пойдет о становлении академической науки в Кыргызстане, роли академика Асылбека Алтмышбаева в этом процессе и об анализе национальной традиционной этики в его трудах по истории кыргызской общественно-политической и философской мысли. В научных исследованиях Асылбека Алтмышбаева подвергнуты к анализу и этические взгляды кыргызского народа. По мнению автора само этическое сознание и традиционные национальные нормы нравственности формируются в непосредственной связи с социальными отношениями общества. Как справедливо отмечает А.Алтмышбаев многогранная история духовной культуры кыргызского народа, на вершине которой находится эпос «Манас», – благородное производное человеческого разума, всегда была объектом научного интереса, потому что диалектически неразрывная связь прошлого и настоящего всегда вечна. В этой связи уроки древней истории считаются единственным необходимым источником познания для представителей новых поколений социума. Следовательно, актуальность изучения истории – это всегда востребованная реальность.*

***Ключевые слова:*** *академия, институт, философия, этика, национальная, традиция, сознания.*

*The focus of the article is about development of academic science in Kyrgyzstan, the role of Academician Asylbek Altmyshbaev in this process and the analysis of national traditional ethics in his works on the history of Kyrgyz socio-political and philosophical thought. In the scientific studies of Asylbek Altmyshbaev, the ethical views of the Kyrgyz people were also analyzed. According to the author, the very ethical consciousness and traditional national norms of morality are formed in direct connection with the social relations of society. As rightly noted by Asylbek Altmyshbaev, the multifaceted history of the spiritual culture of the Kyrgyz people, at the top of which is the epic Manas», a noble derivative of the human mind, has always been an object of scientific interest, because the dialectically inextricable connection between the past and the present is always eternal. In this regard, the lessons of ancient history are considered the only necessary source of knowledge for representatives of new generations of society. Consequently, the relevance of studying history is always a reality in demand.*

***Key words:*** *academy, institute, philosophy, ethics, national, tradition, consciousness.*

Советтер союзунун жоюлуусу менен постсоветтик Кыргызстанда илимге карата мамиле терс жагына карай кескин өзгөрдү. Илимий изилдөөлөрдүн советтик системасынын кыйроосу илимди каржылоону өгөйлөөдөн башталды. Натыйжада буга чейин советтик коомдо жат болгон бааларды, дипломдорду, илимий даражаларды сатып алуу сыяктуу имморалдык көрүнүштөр көнүмүш адатка айланды. Кыргыз илимдер академиясынын имараттарын коммерциялык уюмдарга ижарага берүү, ансыз да жарыбаган мамлекеттик каржыны жана гранттарды ар түрдүү чайкоочулук жолдор менен илимий эмес кызыкчылыктарга пайдалануу илимдин коомдогу беделин улам төмөндөтүп келет. Коомдук өнүгүүнүн туруксуздугу, алчытаасын жеген коррупция, илимий кызматкерлердин айлык акыларынын айткандан уялткан төмөндүгү, зарыл болгон жабдыктарды жана жаңы илимий адабияттарды сатып алууга каражаттын жоктугу, отуз жылдан бери тынымсыз жүрүп келе жаткан перманенттүү экономикалык кризис – илимдин максаттуу өнүгүүсүнө балта чаап, академиялык илимди такыр тукулжуратып салды. Ушундай шартта академиялык илимге жаштардын келүүсү Союздун учуруна салыштырмалуу кескин кыскарды. Кадрлардын жаш курагы боюнча академиялык илим «карыялардын» илимине айланды. Жаштар жан багуунун айласын издеп башка өлкөлөргө, айрыкча Россияга, жер которуп, жалданма жумуштарга тартылып кетишти. Кыргызстанда мектептен тартып жогорку окуу жайларга чейин билим

берүүнүн деңгээли төмөндөп кеткендигинен улам жогорку окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрүнүн катарынан суурулуп чыгып илимге барам дегендер бирин-экин гана болуп калды. Ал эми Россия, Казакстан, Беларусь сыяктуу беделдүү мамлекеттерде жогорку окуу жайлардын тың бүтүрүүчүлөрү Чыгыштын да Батыштын да атактуу илимий борборлоруна барып чоң атаандаштыкка карабай тең тайлашып илимий изилдөө иштерине аралашып жатса, мындай көрүнүш Кыргызстан үчүн жат. Ушул күнгө келип Кыргызстандан чыккан кайсыл бир жаш илимий изилдөөчү тигил же бул мамлекетте кыйратып илимий иштерди жүргүзүп жатат дегенди уга элекпиз. Ал эми 30 жыл мурдагы Кыргызстанда советтик илимдин сыймыктанып айта турган мисалдары арбын эле. Айталы, академиктер П. И. Чаловдун, А. А. Алтымышевдин же Академиянын Автоматика институтунун илимий изденүүчүлөрүнүн натыйжалары Союзда жогору бааланып, эл чарбасынын тигил же бул татаал технологиялык тармактарында колдонулуп келген.

Жогоруда айтылгандай кийинки эгемендүү деп аталган 30 жылдын ичинде Кыргызстан илимдер академиясы Улуттук деген аты улук, супарасы курук улуу статус алгандыгына карабастан азыр араң зорго мурдагы үч миңге жуук илимий изилдөөчүлөрдүн жарымынан аз калган кызматкерлерине эптеп айлык акы төлөп иштеп жатат. Окумуштуулардын айрымдарынын өз аракеттери менен тапкан бирин-серин гранттары ошол өп-чөп айлык акыга же керектүү жабдыктарды сатып алууга аз да болсо жардамы тийип келет. Ушундай кыйчалыш кырдаалда Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын тегерегинде түрдүү кеп-сөздөр да айтылып келет. Эл арасында Академиялык илимдин өйдө-төмөн өзгөчөлүктөрүн билип-билбей туруп, «Илимий академиянын эмне зарылчылыгы бар, керек болсо аны жаап салуу керек», - дегендер да бар. Убагында илимдин кадыры канчалык барктуу болгондугунун далили катары борбор шаардын чок ортосунан орун алган Академиянын бараандуу имараттары өлкөдөгү көзгө көрүнгөн бардык объекттерди менчиктештиргенге маш болуп көнүп калган айрым күчтөргө кызыктуу көрүнүп жатабы деген ой да болбой койбойт.

Кыскасы, убагында сөздүн чыныгы маанисинде Республиканын бирден-бир илимий борбору катары саналган Илимдер академиясынын түптөлүп түзүлүүсү Улуу Ата Мекендик согуш жүрүп турган 1943-жылдан СССР Илимдер академиясынын филиалы деп башталып, 1954-жылы Кыргыз ССРинин илимдер академиясы болуп негизделген. Академияны алгачы түзүүчүлөрдүн катарында ошол убакта Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин жооптуу кызматкери - илим жана жогорку билим берүү бөлүмүнүн башчысы, алгачкы академиктердин бири А. А. Алтмышбаев да болгон. 1948-жылдан тартып ал кишинин эмгек жолу Илимдер академиясында өттү. Ошол жылдары ал Москвада Союздук Компартиянын Борбордук комитетинин алдындагы Коомдук илимдер академиясынын аспиратурасын аяктап, кыргыз интеллинециясынын арасынан биринчилерден болуп философия илимдеринин ичинен философиянын тарыхы адистиги боюнча кандидаттык диссертациясын коргогон. Ал эми 1960-жылы докторлук ишин жактаган. Демек, XX кылымдын ортосунан тартып Кыргызстанда философиялык изилдөөлөр системалуу түрдө башталган. Албетте, ал изилдөөлөрдүн башатында Асылбек Алтмышбаев туруп, өмүрүнүн аягына чейин изилдөө иштерин жүргүзүп келди. Алгачкы изилдөөлөрдүн бири – кыргыз элинин философиялык жана коомдук-саясый көз караштарынын тарыхына арналган макала 1956-жылы «Очерки по истории философской и общественно-политической мысли народов СССР» аттуу китептин 2-томунда Москвада жарыяланган [1]. Андан кийин А. А. Алтмышбаевдин изилдөөлөрүндө кыргыз элинин философиялык көз караштарына түздөн-түз жана кыйыр түрүндө тиешелүү китептери жана макалалары көп жарыяланды [2, 3, 4, 5, 6, 7].

Академик А. А. Алтмышбаевдин эмгектеринде кыргыз элинин философиялык жана коомдук-саясый көз караштары тууралуу илимий баалуулугу боюнча терең концепттүү ой бүтүмдөр айтылат. Анын «Октябрь и развитие общественного сознания киргизского народа» деген эмгеги кыргыз философиялык ойлом тарыхына салттуу түрдө мүнөздүү болгон көптөгөн материалдарды тарыхый-логикалык талдоонун негизинде кыргыз элинин коомдук аң сезиминин эволюциялык динамикасы тууралуу жазылган. Бул илимий маселенин онтологиялык экспликациясын ачып көрсөтүү менен автор демейки коомдук аң сезимдин теориялык денгээлге чейинки прогрессивдүү өнүгүүсүнүн улуттук өзгөчөлүгүнө атайын көңүл бурган. Бул эмгегинде А. А. Алтмышбаев коомдук аң сезимдин эволюциялык өнүгүүсүнүн методологиялык өңүтүнө да атайын токтолуп, кыргыз элинин социалисттик коомдук түзүлүшкө чейинки тарыхында патриархалдык-феодалдык, исламдык, XIX кылымдын орто ченинен тартып орус маданиятынын коомдук мамилелерге таасири сыяктуу факторлор тууралуу атайын токтолот [8, 51-б.]. Буга кошумча автор оозеки жана жазма чыгармачылыктын антитезалык өз ара синтезинин маанисин да белгилейт. Аталган монографияда кыргыз элинин этикалык дүйнө түшүнүүсүнө да атайын көңүл бурулган. Автордун пикири боюнча этикалык аң сезим, улуттук адеп-ахлактын салттуу нормалары ошол замандын социалдык-таптык мамилелерине түздөн-түз байланыштуу болгон, мисалы жамандык жана жакшылык түшүнүктөрүндөгү карама-каршылыктар. Ошол эле учурда парз, ар намыс, жакшы-жаман сыяктуу этикалык түшүнүктөр адам

баласынын алмустак заманында калыптанып, ар кандай таптык синкретизмден жогору тураарын автор баса белгилейт [8, 74-75-бб.].

А. А. Алтмышбаевдин «Очерк истории развития общественно-политической и философской мысли в дореволюционной Киргизии» аттуу монографиясында кыргыз элинин социалисттик коомдук-экономикалык формацияга чейинки дээрлик миң жылды камтыган коомдук-саясый жана философиялык ойлом тарыхы бир нече этаптарга бөлүнүп алгачкы ирет кеңири жана терең талдоого алынат.

Феодалдык-патриархалдык коомдук мамилелердин кыргыз элинин аң сезимине, дүйнө кабылдоосуна, дүйнө түшүнүгүсүнө тийгизген таасирин автор Махмуд Кашгаринин, Жусуп Баласагындын философиялык къз караштарынын мисалында талдайт. Айрыкча Орто Азияда арабдардын таасиринин күч алышы менен коомдук ой пикирге ислам идеологиясынын синтезделиши тууралуу да кенен сөз болот. Ошону менен катар А. А. Алтмышбаев кыргыз элинин күнүмдүк турмушундагы нарк-насил, каада-салт, адаттардын дин түшүнүктөрү менен жуурулушуп, жүрүм-турум маселелерине тийгизген таасирин да баса белгилейт. Мисалы, үй-бүлөлүк мамилелерде айрыкча жаш келиндерге тиешелү болгон жүгүнүү, качуу салттары [9, 50-51-бб.].

А. А. Алтмышбаев кыргыз элинин этикалык дүйнө кабылдоосуна, салт-санаасына иран-араб гуманисттик маданиятынын, адеп-ахлак нормаларынын да таасири болгондугун белгилейт. Мисалы, XIX кылымда Молдо Кылычтын «Канаттуулар» аттуу поэмасында, Токтогулдун, Тоголок Молдонун санаттарында «Кабус Намэ» сыяктуу көркөм маданияттын көөнө үлгүлөрү менен типтеш жалпылыктары атайын айтылат [9, 66-67-бб.].

А. А. Алтмышбаев Жусуп Баласагындын «Кут билим» поэмасынын этикалык мазмунун да атайын бөлүп белгилеп, коомдук, үй бүлөлүк мамилелердеги адеп-ахлак нормаларына, алардын адептик тарбиялык маанисине да өзгөчө көнүл бурган [9, 72-б.].

А. А. Алтмышбаевдин аталган монографиясында фольклордун коомдук аң-сезимдин тарыхын окуудагы маанилүү булак катары ролу чоң экендиги белгиленент. Автор айрыкча «Манас» эпосунун этикалык баалуулуктарына көнүл буруп, эпосто жалпы адамзаттык баалуулуктар менен катар, мисалы, Ата Мекенге болгон патриоттук арзуу көз караш, нукура улуттук маанидеги ата менен баланын, улуу менен кичүүнүн, аял менен эркектин, ага-ини, эже-синди ортосундагы мамилелерди тескеген адептик нормаларды да бөлүп көрсөтүп, талдоого алган [9, 108-110-бб.]. Автор эпосто чагылдырылган адеп-ахлактык нормаларды талдоого алганда кыргыз элинин жалпы жашоо турмушу, коомдук, үй бүлөлүк мамилелер тууралуу кеңири малыматтар берилет. Мисалы, аброй, ар намыс (честь) категориясы коомдук мамилелерге ылайык ар түрдү мазмунга ээ болгон. Айтсак, «Манас» эпосунда коомдун, жалпы эле элдин аброю, ар намыс бир бүтүндүк катары кабылданган. Мисал иретинде Көкөтөйдүн ашында Коңурбай Мааникерди талашканда жалпы кыргыз элинин аброюна, ар намысына доо кетет деп бааланган. Ошол эле убакта уруунун же жалпы элдин аброю, ар намысы коомдун ар бир мүчөсү тарабынан да коргоого алынган. Мисалы, Манас Чоң казатка аттанаарда Каныкейдин кырк чоронун ар бирине ылайык жоокер кийимин тиктирип берүүсү Каныкейдин кыргыздын улуттук аброюн, ар намысын коргогондугун баяндайт. Эпосто чагылдырылган этикалык нормалардан дагы көнүл бура турган социумдагы улуу менен кичүүнүн, ата менен баланын, аял менен эркектин ортосундагы мамилелерге тиешелүү жагдай. Асылбек Алтмышбаевдин айтуусу боюнча ал жагдай «сылыктык» же «одонолук» деген түшүнүктөр аркылуу жөндөлүп, тескелип турган [9, 112-113-бб.]. Сылыктыктын мисалы катары автор Каныкейдин үй ичинде болобу, эл көзүндө болобу Манаска дайыма «Сиз» деп кайрылгандыгын баса айтат да, мындай көрүнүш айрыкча ак сөөк (аристократтык) үй-бүлөлөргө мүнөздүү экендигин белгилейт. Мындай норма бир гана жубайлар ортосундагы гана эмес, улуу-кичүү ортосундагы мамилеге да мүнөздүү экендигин тастыктайт.

Академик А. А. Алтмышбаев жогоруда айтылгандай өмүрүнүн басымдуу бөлүгүн Илимдер академиясынын ишмердиги менен байланышта өткөрдү. Академия 1954-жылы түзүлгөндө анын вице-президенти болуп шайланган. 1958-ж. Асылбек Алтмышбаевдин демилгеси менен Кыргыз ССР Илимдер академиясында Философия жана укук бөлүмү түзүлүп, аг жетекчи болгон. Ал бөлүм 1964-жылы Философия жана укук институту деп аталганда А. А. Алтмышбаев бул академиялык тармактык түзүмдүн биринчи директору болгон. Жалпысынан ал киши Институтту эки жолу жетектеп, эки жолу Академиянын вице-президенти болуп шайланган.

Институттун директору болуп иштеп турганда А. А. Алтмышбаев философ адистерди даярдоого өзгөчө көңүл бурган. Ал Институтка жаңы келген ар бир жаш кызматкер менен өзү жай сүйлөшүп орундуу кеп-кеңештерин берчү. Ошонун бир натыйжасы катары XX кылымдын 60-70-жылдарында илимий изилдөөлөрүн баштагандардан А.Ч.Какеев, О.А.Тогусаков академик болушту. Чогуу иштеп жүргөн жылдары биз ал кишинин аристократ мүнөзүнө, адам катары өтө сабырдуулугуна суктанаар элек.

А. А. Алтмышбаевдин окумуштуу катары Кыргызстанда да, башка республикаларда да аброю жогору болчу. Ага мен өзүм күбө болгон учурларды кыскача айта кетүү абзел. Ден соолугунан уламбы башка республикалардагы Бүткүл сюздук чоң илимий кон-

ференцияларга бара берчү эмес. Ошолордун бири 1979-жылы июнь айында Ашхабад шаарында өткөн «Орто Азия республикаларындагы философия тарыхы илиминин теориялык жана методологиялык маселелери» боюнча конференцияга «барып катыш, жөн эле катышпай, ошондой чоң илимий форумда сүйлөгөндү үйрөн», - деп мени жиберген. Ошондо Казакстандын, Өзбекистандын, Тажикстандын Туркмөнстандын белгилүү окумуштуулары А. А. Алтмышбаев тууралуу сурашып, чын пейилден салам айтышкандары эсимде. Ошол конференцияда Аль-Фараби, Ибн-Сина сыяктуу улуу ойчулдарды тигил же бул улутка эмес, жалпы Орто Азия элдерине тең орток баалуулук деп резолюция кабыл алынган. Кийин бизде да улуу Жусуп Баласагын боюнча ушул өңүттө дискуссия болгонун билебиз.

1986-жылы сентябрда Москвада «Философия тарыхы илиминин теориялык жана методологиялык маселелери» аттуу Бүткүл союздук конференцияга да мени жиберди. Ошондо «эгер мүмкүн болсо дагы бир кызматкер барса болобу? – десем, «тойго бараттың беле, мени чакырышкан менин ордума барып кел», - деп күлө сүйлөгөн. Анда да кайсыл темада, кандай сүйлөө тууралуу кеп-кеңешин айткан. Москвада «академик кандай жүрөт» деп В.В. Мшвениарадзе (Москва), М.С. Асимов (Душанбе), М.М. Хайруллаев (Ташкент), А.Х. Касымжанов (Алма-Ата), М.С. Бурабаев (Алма-Ата) ж.б. саламдарын жолдогон.

Академик А.А. Алтмышбаевдин артында Кыргызстандагы академиялык илимди, анын ичинде философия илимдерин, уюштуруп, калыптандырып кадрларды даярдоодо өчпөй турган барандуу изи бар.

**Адабияттар:**


1. Алтмышбаев А.А., Давлеткелдиев А.Д., Джунусов М.Дж. Общественно политическая и философская мысль Киргизии. // Очерки по истории филосфской и общественно-политической мысли народов СССР. Т.2. - М.: Наука, 1956. – С. 818-825.
2. Алтмышбаев А.А. Некоторые особенности формирования и развития социалистической культуры народов Советского Востока. - Фрунзе: Изд-во АН Кирг.ССР, 1958.
3. Алтмышбаев А.А. Некоторые пережитки прошлого в сознании людей в Средней Азии. - Фрунзе: Изд-во АН Кирг. ССР, 1958.
4. Алтмышбаев А.А. О некоторых особенностях формы перехода народов Средней Азии к социализму. - Фрунзе: Изд-во АН Кирг.ССР, 1959.
5. Алтмышбаев А.А. Ленин и пропаганда марксизма в Киргизии. - Фрунзе: Илим, 1967.
6. Алтмышбаев А.А. Октябрь и развития общественного сознания киргизского народа. - Фрунзе: Илим, 1980;
7. Алтмышбаев А.А. Очерк истории развития общественно-политической и философской мысли в дореволюционной Киргизии. - Фрунзе: Илим, 1985.
8. Алтмышбаев А.А. Октябрь и развития общественного сознания киргизского народа. - Фрунзе: Илим, 1980;
9. Алтмышбаев А.А. Очерк истории развития общественно-политической и философской мысли в дореволюционной Киргизии. - Фрунзе: Илим, 1985.